**Ош эл аралык медициналык университети**

**Дарылоо иши факультети**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**

№ 8 ПРОТОКОЛУ

16 03. 2026-ж.

Ош шаары

КАТЫШУУЧУЛАР:

Деканат өкүлдөрү, кафедра башчылары, НББП жетекчиси, СМК жетекчиси, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар, Окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ:

Кафедралардын окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча иштерине анализ жүргүзүү жана сунуштарды кароо

УГУЛДУ:

1. Кафедралар тарабынан даярдалып жаткан окуу-методикалык колдонмолордун абалы каралды. Ар бир дисциплина боюнча окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу, жаңылоо жана заманбап талаптарга ылайыктоо маселеси талкууланды. Клиникалык дисциплиналар боюнча колдонмолордо практикалык багытты күчөтүү, клиникалык алгоритмдерди, диагностикалык схемаларды жана кейс-стади материалдарын көбөйтүү зарылдыгы белгиленди.

2. Англис тилдүү окутуу жүргүзүлгөн дисциплиналар боюнча окуу-методикалык колдонмолордун сапаты жана жетиштүүлүгү каралды.
Англис тилинде окутулган сабактар үчүн заманбап медициналык терминологияга ылайык, студенттерге түшүнүктүү жана эл аралык стандарттарга шайкеш колдонмолорду даярдоо зарылдыгы белгиленди.

3. Окуу-методикалык колдонмолорду электрондук форматка өткөрүү, QR-код жана онлайн ресурстар менен толуктоо маселеси каралды.

ТАЛКУУ:

Талкууга деканат өкүлдөрү, кафедра башчылары, НББП жетекчиси, СМК жетекчиси жана окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү катышты.

Сөзгө чыкты:

СМК жетекчиси, б.и.к., доцент Момунова А.К. - ар бир дисциплина боюнча окуу-методикалык колдонмолор милдеттүү түрдө жаңыланып турушу керектигин белгилеп, алардын мазмуну заманбап медициналык билим берүү талаптарына шайкеш келиши зарылдыгын айтты.
НББП жетекчиси Турсунова — колдонмолор компетенттүүлүккө негизделген окутууга ылайык иштелип чыгышы керек экенин белгилеп, клиникалык дисциплиналарда практикалык көндүмдөргө басым жасоо зарылдыгын айтты.
М.и.к., доцент Сакибаев К.Ш.- окуу-усулдук колдонмолорду жаңылоодо студенттердин өз алдынча иштөөсүнө ылайык материалдарды көбөйтүү керектигин белгиледи.
М.и.к., дцент Аттокурова Г.Н. - хирургия жана клиникалык дисциплиналар боюнча колдонмолордо операциялык алгоритмдер, клиникалык мисалдар жана заманбап диагностикалык протоколдор камтылышы керектигин айтты.
Англис тилинде окутуу боюнча жооптуу окутуучулар - англис тилдүү сабактар үчүн медициналык терминологиясы туура, эл аралык стандарттагы окуу-методикалык колдонмолорду даярдоо зарылдыгын белгилешти.
Кафедра башчылары - бардык дисциплиналар боюнча жаңы окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жана эски колдонмолорду этап-этабы менен жаңылоо керектигин айтышты.
АНАЛИЗ:

Жүргүзүлгөн анализдин негизинде төмөнкү маселелер аныкталды:

айрым дисциплиналар боюнча окуу-методикалык колдонмолор жетишсиз;
клиникалык багыттагы колдонмолордо практикалык материалдарды көбөйтүү зарыл;
англис тилдүү дисциплиналар боюнча методикалык камсыздоо толук кандуу эмес;
электрондук жана санариптик ресурстар жетишсиз колдонулат.
ТОКТОМ:

1.Ар бир дисциплина боюнча окуу-методикалык колдонмолор иштелип чыксын жана жаңылансын.
2.Клиникалык дисциплиналар боюнча колдонмолорго практикалык алгоритмдер, кейс-стади жана диагностикалык схемалар киргизилсин.
3.Англис тилдүү сабактар үчүн заманбап медициналык терминологияга ылайык окуу-методикалык колдонмолор даярдалсын.
4.Эскирген колдонмолор кайрадан иштелип чыгып, жаңыртылсын.
5.Окуу-методикалык колдонмолор электрондук форматка өткөрүлүп, QR-код жана онлайн ресурстар менен толукталсын.
7.Кафедра башчылары тарабынан колдонмолордун сапатына туруктуу көзөмөл жүргүзүлсүн.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: б.и.к., доцент Орунбаева Б.М.

Окуу-методикалык кеңешинин катчысы: окутуучу Танабаева А.К.